**Көтөрмө айылдык Кеңешинин**
**08.12.2023-жылдагы кезкесиз**
**XXX сессиясынын №30/1 токтомуна**
**1- тиркеме**

**Көтөрмө айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө**

**Жобо**

1. Жалпы жоболор
2. Көтөрмө айыл аймагынын "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар
3. Көтөрмө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби
4 .Көтөрмө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын жокко чыгаруу

## 1. Жалпы түшүндүрмө

**1.** Бул жобо Көтөрмө айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» намын ыйгаруу тартибин аныктайт**.**

1.2. «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, айыл аймагындагы мекеме ишканалардын эмгек жамааты, республикалык коомдук саясий уюмдар жана облустук, райондук мамлекеттик администрация, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот;

1.3. «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айыл өкмөтү кабыл алып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгып, тиешелүү документтерин топтоп, өзүнүн сунушу менен айылдык кеңешке жөнөтөт;

1.4. "Ардактуу атуулу" наамына талапкерлердин документтери айылдык кеңештин сессиясында депутаттардын кароосуна коюулуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон инсандардын талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат;

1.5. Көтөрмө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы бир жылда 5 адамга гана ыйгарылат.

1.6. Көтөрмө айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамы өзгөчө учурларда жергиликтүү кеңештин чечими менен 5тен көп инсандарга ыйгарылышы мүмкүн.

## II. Көтөрмө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:

2 .1 Көтөрмө айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою жигердүү салым кошуп, айыл өкмөтүнүн ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга;

2.2 Көтөрмө айыл аймагынын өсүп-өнүгүшү үчүн, элдин жашоо-шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен айылдык кеңешинин депутаттарына;

2.3 Көтөрмө  айыл өкмөтүнө инвестицияларды алып келип, жогорку деңгээлде курулуштарды курган бизнес адамдарына, чет элдик жарандарга;

2.4. Көтөрмө айыл аймагындагы маданий-тарыхый мурастарды элге жайылтууга салым кошкондорго.

## III. Айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби

3.1 Көтөрмө айыл аймагынын  «Ардактуу атуулу»  лентасын жана күбөлүгүн даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.2 «Ардактуу атуулу»  наамы жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө, Көтөрмө айылдык кеңешинин чечими чыккандан кийин, айылдык Кеңештин төрагасы тарабынан тапшырылат.

3.4 «Ардактуу атуулу»  наамын ыйгаруу маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

**Эгерде «Ардактуу атуулу»  наамына талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо:**

- Талапкер боюнча ошол  айылда, көчөдө жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтык протоколу же токтому;
- Чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдар  катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;
- Коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кеңири маалыматты камтуу менен;
- Өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;
- Мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б).

**Эгерде «Ардактуу атуулу»  наамына талапкер мекеме, ишканалар тарабынан сунушталган болсо:**

- Эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун токтому;
- Өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш;
- “Ардактуу атуулу”  наамы берилүүчү адамдын айыл аймакка , анын элге сиңирген эмгектери, алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;
- Өздүк баракчасы сүрөтү менен;
- Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- Паспортунун көчүрмөсү.

## IV Көтөрмө  “Ардактуу атуулу” наамын жокко чыгаруу

4.1 Көтөрмө айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы
төмөндөгүдөй учурларда айылдык кенештин токтому менен жокко чыгарылат:
- Соттун чечими менен кылмыш жоопкерчилигине тартылганда;
– Тиешелүү документтердин туура эместиги ачыкталганда;
– Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыратылганда.

Жобо 4 пункттан турат жана зарыл учурларда Көтөрмө  айыл өкмөтүнүн жана айыл кеңешинин  депутаттарынын сунушу менен өзгөртүү жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.